Математика жана информациялык технологиялар факультетинин программалоо кафедрасынын кеңешинин кезектеги жыйынынын

# №1 ПРОТОКОЛУНАН КӨЧҮРМӨ

*30-август, 2019-жыл.*

*Төрага:* А. Сопуев
*Катчы:* Н. Абдирайимова
*Катышкандар*: Программалоо кафедрасынын мүчөлөрү.

*Күн тартиби:*
1. Кафедранын жана кафедранын кеңешмелеринин 2019-2020-окуу жылы үчүн иш-пландарын бекитүү;
2. ИЭТ жана ИСТ багыттары боюнча НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландарды бекитүү;
3. Бакалавр, магистратура багыттары боюнча ОМКларды, силлабустарды жана жумушчу программаларды бекитүү;
4. Кафедранын сааттарынын эсебин алдын ала бекитүү жана кураторлорду дайындоо;
5. Ар түрдүү маселелер.

**2-маселе**

**Угулду:**

*Сопуев А. (Программалоо кафедрасынын башчысы, профессор):* ИЭТ жана ИСТ багыттары боюнча НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландарды бекитүү маселеси каралып жатат. Ар бир багыт боюнча стратегиялык план иштелип чыкты. НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландар боюнча уюштурулуучу иш чаралар, иш чараларды өткөрүүнүн мөөнөтү жана жооптуулар көрсөтүлгөн. Андан сырткары максаттуу индикаторлор жана окуу, илимий ишмердүүлүктөрдү өнүктүрүү, илимий-педагогикалык кадрлардын сапатын жогорулатуу, эл аралык ишмердүүлүктөрдү жогорулатуу, бүтүрүүчүлөрдү ишке орнотуу, НББПларын өнүктүрүү жана коомго жайылтуу боюнча иш чаралардын пландары каралган. Сиздерге белгилүү болгондой бул жерде НББПларды 2015-19-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландардын аткарылышы боюнча анализ жүргүзүлүп, анын натыйжасында жана иш берүүчүлөрдүн, бүтүрүүчүлөрдүн, студенттердин сунуштарынын негизинде түзүлдү. Бул пландардын негизинде иш чараларды өткөрүүбүз зарыл. Макул болсоңуздар факультеттин Окумуштуулар Кеңешине сунуштайлы.

Кафедранын мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту.

**ЧЕЧИМ:**

1. ИЭТ жана ИСТ багыттары боюнча НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландары жактырылсын жана бекитилсин;
2. Бул пландарды бекитип берүү жагы факультеттин Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

Кеңешменин төрагасы: Сопуев А.

Катчы: Абдирайимова Н.